**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д. 10.11.028 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК: 800.1 : 894.341 (043.3)

**ТӨЛӨКОВА ЭЛМИРА ТУРДУБАЕВНА**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ «БАЛА» КОНЦЕПТИ
**(лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча)**

10.02.01 – кыргыз тили
10.02.19 – тил теориясы

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

## АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек–2012**

Диссертациялык иш К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Дербишева Замира Касымбековна**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Зулпукаров Капар Зулпукарович**

филология илимдеринин кандидаты
**Жапанов Аттокур Асаналиевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы, 715600, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57.

Диссертация 2012-жылдын «_____» _________________ саат __________ дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтундагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.028 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а

Диссертациялык иш менен КР Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын «_____» _________________ жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты **Семенова Ж.А.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Азыркыга чейин педагогика, психология, социология, этнография илимдеринде бала темасы иликтөөгө алынганы менен, кыргыз тил илиминде балага байланыштуу тил бирдиктери өз алдынча лексикалык топ катары жана «Бала» концепти катары атайын изилдөөгө алына элек болчу.

Бала дүйнөсүндө адамдын өнүгүү стадиясы камтылуу менен бирге, элдин маданиятынын негизин түзгөн компонент катары анда татаал маданий-тарыхый феномен да камтылган. Себеби бала өзүнүн өсүп-жетилүү стадиясында алгачкы коомдук түзүлүштү басып өткөн сыяктуу эле улуттук маданий, социалдык, руханий мейкиндикти басып өтүп, өз коомуна мүчө болот.

Бала төрөлгөндө эле өзү жашай турган коомдун, ал коомго мүнөздүү улуттук маданияттын толук укуктуу ээси катары жарык дүйнөгө келет. Коомдук талапка, чөйрөгө ылайык балага тарбия берилип, таалим-тарбиянын өзөгүн улуттук маданият түзгөндүктөн, балага байланыштуу тил бирдиктеринде улуттук түшүнүк, маданият, менталитет кеңири камтылат. Ошол себептен балага байланыштуу лексика лингвомаданият таануу илиминин изилдөө объектиси боло алат. Элдин каада-салтына, динине, укугуна байланыштуу этнографиялык, социологиялык ж.б. изилдөөлөр бала феноменинин коомдук маданий каада-салтка көз каранды экендигин далилдеди.

Лингвомаданият таануу илиминин изилдөө предмети болуп саналган, өз мазмунуна балага байланыштуу улуттук маданиятты камтыган архетип, символ, маданий стереотип (мурастык түшүнүктөр модели), эталон (элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү), паремия, фразеологизмдер кыргыз тилинде тилдик мурас, байлык катары сакталуу менен, муундан-муунга өтүп келет. Тил калктын маданиятын өзүнө сиңирип, муундан өткөрүүчү – аккумулятивдик функцияны аткарат.

Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексиканын составында мааниси өтө жакын сөз жана сөз айкаштары кеңири учурайт. Мындай лексикалык бирдиктерди бири-биринен так айырмалаш үчүн диссертациялык иште компоненттик талдоо жүргүзүлөт. Тил бирдиктеринин ортосундагы маанилик айырмачылыкты сыпаттоодо компоненттик талдоону колдонуу – жалпы тил илиминде, о.э. кыргыз тил илиминде актуалдуу болуп саналат.

Балага байланыштуу каада-салт лексикасын когнитивдик лингвистиканын чегинде сценарий жана фрейм ыкмасы менен талдоо маселеси – актуалдуу маселелердин бирине кирет. Кыргыз тил илиминде алгач ирет жүргүзүлүп жаткан мындай изилдөө ыкмасы балага байланыштуу үрп-адат, каада-салт, ишеним, тыюу түшүнүктөрүнө, о.э. концепт деген түшүнүккө байланыштуу жаңы пикирлерди жаратат. Семантикалык изилдөөдө фрейм жана сценарий теориясын колдонуу аркылуу аң-сезим менен тилдин, тил менен болмуштун (чындыктын) ортосундагы өз ара байланышты тактап, ага мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аныктоого, болмушка мүнөздүү маалымат канчалык деңгээлде лингвистикалык жана экстралингвистикалык, вербалдык жана вербалдык эмес мүнөзгө ээ экендигин далилдөөгө болот.

«Бала» концепттин уюштурган лексика-фразеологиялык сөз курамынын жана макалдардын кыргыз тилинде жаңы илимий ыкма, теорияларга таянуу менен ар тараптуу изилдөөгө алынуусу, системалуу түрдө мурда иликтене элек жактарынын изилденүүсү бул теманын актуалдуулугун далилдейт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иштин темасы К.Карасаев атындагы БГУнун Кыргыз филология факультетинин кыргыз тил илими кафедрасынын илимий изилдөө багытына жана илимий жетекчинин, изденүүчүнүн демилгесине шайкеш тандалып, аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилиндеги «Бала» концепттин уюштурган лексика-фразеологиялык сөз курамды жана макалдарды лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистика илиминин чегинде изилдөө.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** алдыга коюлду: 1) тандалган предметке байланыштуу лингвистикалык, линвостилистикалык, лексикографиялык, этнографиялык, лингвомаданият таануу, когнитивдик лингвистика илимине мүнөздүү эмгектер менен таанышып чыгуу; 2) диссертациялык ишке байланыштуу теориялык түшүнүктөрдүн маани-маңызын ачып берүү; 3) кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамды жана макалдарды лексика-семантикалык маанисине карай классификациялоо; 4) кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексиканын лексика-семантикалык маанисин аныктоо; 5) кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексикага компоненттик талдоо жүргүзүү; 6) кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамды жана макалдарды лингвомаданий талдоого алуу; 7) кыргыз тилиндеги балага байланыштуу маданий архетип, символ, мурастык түшүнүктөр модели, элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү, паремия жана фразеологизмдерде калк маданиятынын чагылдырылуусун аныктоо; 8) кыргыз тилиндеги балага байланыштуу каада-салт лексикасын когнитивдик лингвистиканын чегинде сценарий жана фрейм ыкмасы менен талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иште балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макалдар бир системага салынып, лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүлдү; бул лексика-семантикалык топтор кыргыз тил илиминде алгач ирет лингвомаданият таануу илиминин чегинде иликтенип, кыргыз тилиндеги балага байланыштуу архетип, символ, мурастык түшүнүктөр модели, элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү, паремия, фразеологизм өңдүү ж.б. тил бирдиктеринде камтылган маданий маалыматтар аныкталды; кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексика компоненттик талдоого алынды; когнитивдик лингвистиканын чегинде алгач ирет балага байланыштуу каада-салт лексикасы сценарий жана фрейм ыкмасы менен талданып, фрейм жана сценарий кутучаларына жайгаштырылды. Тил илиминдеги соңку теорияларга таянуу менен кыргыз тилиндеги балага байланыштуу тил каражаттарынын мурда карала элек тарабы каралып: 1) балага байланыштуу тил каражаттары аныкталып, тизмектелди; 2) балага байланыштуу сөз жана сөз айкаштарынын функционалдык-семантикалык

алкактары такталып, маанилик өзгөчөлүктөрүнө жараша түрлөргө ажыратылып каралды; 3) балага байланыштуу лексемалардын семантикалык компоненттеринин табияты аныкталды; 4) балага байланыштуу сөз жана сөз айкаштарынын коннотациялык, эмоционалдык-экспрессивдик, түшүнүктүк маанилеринин жаралуу механизми жана табияты изилденип, аталган топтогу сөздөрдүн өзгөрүүсү, баюусу тил ээсинин жашоо-тиричилигине, социалдык-экономикалык абалына, маданий-интеллектуалдык өнүгүүсүнө көз каранды экендиги кыргыз тилинин чегинде далилденди; 5) балага байланыштуу каада-салт лексикасы бир эле учурда сценарий жана фрейм ыкмасы менен талданып, андагы өз ара байланыштуу кыймылсыз кырдаалдык элес менен кыймыл-аракеттүү кырдаалдык элестер аныкталды.

Эмгектин теориялык мааниси. Диссертациялык иште функционалдык-семантикалык, компоненттик, когнитологиялык, лингвомаданий талдоонун негизинде кыргыз тилиндеги «Бала» концепттин уюштурган лексика-фразеологиялык сөз курамынын, макалдардын табияты иликтенип, алардын түз, өтмө, денотативдик, коннотативдик, маданий, социалдык жана индивидуалдык маанилери аныкталды. «Бала» концепттинин тилдик, лингвомаданий, когнитологиялык планда изилдениши тил менен маданияттын, адамдын аң-сезими менен тилдин өз ара катышына карата теориялык жаңы пикирлерди жаратты. Балага байланыштуу тил бирдиктери экстралингвистикалык багытта ар тараптуу анализге алынып, ага кеңири маалымат берилди. Бул – кыргыз тил илиминде нормативдик лингвистика, когнитивдик лингвистика, лингвомаданият таануу илиминин чегинде иштелген эмгек катары жаңы саамалык болуп эсептелет. Үрп-адат, каада-салттык мүнөздө колдонулган сөз жана сөз айкаштарынын маанисин ар тараптуу ачып көрсөткөндүгү менен, заманбап семантикалык теорияга салым кошкондугу менен бул эмгек теориялык жактан баалуу болуп саналат. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары когнитивдик лингвистиканын, анын ичинде тил менен когнитивдик түзүлүштүн ортосундагы өз ара байланышты тактоого жана лингвистикалык, экстралингвистикалык, лингвомаданий маанинин чегин так ажыратып кароого жардам берет.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Диссертациялык иш кыргыз тил илиминде лингвомаданият таануу, когнитивдик лингвистика, этнолингвистика, экстралингвистика багытында, анын ичинде стилистика, семантика, лексикология тармактары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө теориялык жана практикалык негиз боло алат. Изилдөөдөн алынган материалдарды, табылгаларды жана жоболорду кыргыз тилинин сөз корун, сөз курамын, фразеологизмдерди; сөздүн семантикалык маанисин: сөздүн моносемия, полисемия, өтмө маанилерин изилдөөдө кеңири колдонууга болот. Изилдөө материалдарын лексикология, семантика, стилистика окуу предметтери боюнча сабактарды өтүүдө, атайын курстарды окууда жана практикалык иштерди жүргүзүүдө, окуу китептери менен окуу куралдарын жазууда, сөздүктөрдү түзүүдө кеңири колдонсо болот.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

1. Балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макалдар оозеки кепте, адабий чыгармада өтө жыш колдонулган лексикалык катмарга кирет жана ал тил ээсинин маданий деңгээлин чагылдыруучу каражат катары кызмат кылат;
2. Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу жалпы маанидеги сөз жана сөз айкаштары, баланын курагын туюндурган тил бирдиктери, балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалынып-жалбаруу маанисинде колдонулган лексика-фразеологиялык сөз курамы менен макалдарда жана каада-салт лексикасында камтылган түшүнүктөр лингвомаданият таанытуучу касиетке ээ.
3. Балага байланыштуу тил бирдиктери өзүнчө обочолонгон лексикалык подсистеманы түзөт. Бул системага тиешелүү болгон тилдик карым-катнаштарда синонимдик, антонимдик, полисемиялык кубулуштар байкалат.
4. Балага байланыштуу тилдик бирдиктер архетип, символ, мурастык түшүнүктөр модели, элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү, паремия, фразеологизм өңдүү ж.б. лингвомаданият таанытуучу категориялар аркылуу чечмеленет.
5. Балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макалдар кишинин менталдык ой жүгүртүүсүн чагылдырат. Улуттук түшүнүктөр ар түрдүү когнитивдик түзүлүштөр: фрейм жана сценарий аркылуу уюшулат.
6. Каада-салт лексикасын сценарий жана фрейм кутучаларына жайгаштырып анализдөө аркылуу аң-сезим менен тилдин өз ара байланышы, акылда сакталган түшүнүктөрдүн тилде чагылуу өзгөчөлүгү аныкталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иштеги илимий жаңылыктар, тыянактар изденүүчүнүн жеке талдоолорунун, иликтөөлөрүнүн жыйынтыгы болуп саналат.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары, маанилүү жоболору, мазмуну Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Котормо бөлүмүнүн жана Чет тилдер жогорку мектебинин кыргыз тили, түрк тили, орус тили, англис тили координаторлугунун кошмо жыйынында, 2004-2011-жылдары өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияларда жасалган илимий баяндамаларда талкууланды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну илимий жыйнактарда жана илимий журналдарда жарыяланган 11 макалада чагылдырылды.

Изилдөөнүн методологиялык негизи жана колдонулган методдору. Жогоруда көрсөтүлгөн максат жана милдеттер иш боюнча факт-материалдарды чогултуунун жана аларды изилдөөнүн принциптерин аныктады. Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү окумуштуулардын (Ю.Д.Апресян, Н.Н.Болдырев, А.Вежбицка, В.В.Воробьев, В.А.Звегинцев, В.И.Карасик, В.В.Красных, Е.С.Кубрякова, В.А.Маслова, М.Минский, А.А.Потебня, И.Г.Рузин, Ю.С.Степанов, И.А.Стернин, Э.Б.Тейлор, В.Н.Телия, С.Г.Тер-Минасова, В.Тернер, Ч.Филлмор, Д.Н.Шмелев ж.б.), түркологдордун (Б.М.Юнусалиев, К.К.Юдахин, Б.Ө.Орузбаева, Р.Шүкүров, Ж.Мамытов, Ж.Мусин, К.Зулпукаров, Б.Ш.Усубалиев, С.Өмүралиева, С.Ж.Мусаев, Т.Маразыков, Т.Садыков,

С.Ибрагимов, К.Саматов, М.Ж.Тагаев, З.К.Дербишева, Б.Сагынбаева, С.Гапаров, Ж.Осмонова, А.Э.Абдыкеримова, С.Н.Абдуллаев ж.б.) илимий изилдөөлөрү, монографиялары, окуу китептери, сөздүктөрү изилдөөнүн булактары катары пайдаланылды. Лингвомаданият таануу, когнитивдик лингвистика, семасиология, экстралингвистика тууралуу жоболор, о.э. жалпы лингвистикада, түркологияда, кыргыз тил илиминде иштелип чыккан жоболор менен принциптер иштин фундаменталдык негизин түздү.

**Иштин түзүлүшүн** изилдөөдө алынган проблеманын жана теманын логикасы аныктады. Диссертациялык иш киришүүдөн, глоссарийден, үч баптан, корутунду жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациялык теманын актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий жана теориялык жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу негизги жоболору, изилдөөдө колдонулган методдору жана иштин апробациясы тууралуу маалыматтар берилди.

Диссертациялык иштин негизги бөлүмдөрүнө киришүүдөн мурда глоссарий сунушталды. Изилдөөдө кеңири колдонулган лингвистикалык терминдердин түшүндүрмөсүн ишти баштоонун алдында сунуштоону туура көрдүк.

**Изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери** деп аталган биринчи бапта лингвомаданият таануу илимине, когнитивдик лингвистика илимине, концепт маселесине, компоненттик талдоонун теориялык негиздерине байланыштуу маселелер илимий-теориялык планда сыпаттоого алынды.

1.1. **Тил менен маданияттын катышы.** Тилдин эң маанилүү функцияларынын бири – калктын маданиятын өзүнө сиңирип, аны муундан-муунга өткөрүп бергендигинде. Тил инсандын, калктын, улуттук мүнөздүн, этникалык жалпылыктын калыптануусунда чечүүчү ролду ойноп келген. Материалдык, руханий маданияттын объекттерин (тамак-аш, кийим-кече, үрп-адат, каада-салт ж. б.) атаган тилдеги терминдердин саны калктын маданиятын чагылдырган улуттук түшүнүккө көз каранды болот. Эгерде адамдарды өз ара байланыштыруучу көмөкчү символдордун бири тил болсо, маданият – тил аркылуу муундан-муунга өтүп келген тарыхый мүнөздөгү жүрүм-турум, түшүнүк, буюм-тайым ж.б.лардын модели. Тил – «маданияттын» реалдуулугунун чыныгы далили катары кызмат кылат.

1.1.1. **Лингвомаданият таануу илиминин келип чыгуу тарыхы** узак мезгилди өз ичине камтыйт. Бул илимдин өз алдынча илимий тармак катары калыптануусунда батыш, орус окумуштууларынын эмгектери, орус окумуштууларынын ичинен В.А.Маслованын «Лингвокультурология» аттуу эмгеги зор мааниге ээ болгон.

1.2. XX к. соңунда тил менен ой жүгүртүүнүн татаал байланышын изилдеген илим катары **когнитивдик лингвистика илими калыптана баштаган**. Когнитивдик лингвистика илими чындыкты, кандайдыр бир нерсени

аңдап-туюуда, түшүнүүдө, баамдоодо пайда болгон менталдык процесстерди изилдейт.

Заманбап когнитивдик лингвистиканын калыптануусунда америкалык авторлор – Дж.Лакофф, Р.Джакендофф өңдүү ж.б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектери зор. Бул окумуштуулардын эмгектерин Е.С.Кубрякова өз илимий изилдөөлөрүндө кеңири талдоого алып, мүнөздөмө берген. Окумуштуу Е.С.Кубряковanын эмгектери Россия когнитивдик лингвистикасынын негизин түзөт.

1.2.1. Когнитивдик лингвистиканын изилдөө *предмети* – концепт. Бул илимдин изилдөө ыкмасы ар түрдүү болгондуктан, концепт ар түрдүү жол менен изилденет. Алсак, орус окумуштуусу Е.Ю.Балашованын пикири боюнча, когнитивдик лингвистикада концептти изилдөөнүн *лингвокогнитивдик* жана *лингвомаданий* ыкмасы колдонулат [Балашова Е.Ю. Концепты «любовь» и «ненависть» в русском и американском языковых сознания: автореф. дис. … к.ф.н. – Саратов, 2004. –10-б.]. *Лингвомаданий ыкманын* негизинде улуттук түшүнүк алкагы (концептосфера) маданияттан аң-сезимди карай изилденет, б.а., маданият аркылуу улуттук аң-сезимдин өзгөчөлүгү аныкталат. Ал эми *лингвокогнитивдик ыкмада* чындыкка байланыштуу маалымат билиминин негизин менталдык маалымат түзүп, концепт жалпы коомчулуктун түшүнүк алкагынын өзгөчөлүгүн аныктаган бирдик катары каралат. Лингвокогнитивдик ыкманын негизинде концепттин өзөгүн жана анын алкактарын уюштуруучу өзгөчө бир түзүлүштөр (фрейм, сценарий ж.б.) иштелип чыккан.

1.2.2. Когнитивдик лингвистикадагыдай эле лингвомаданият таануу илимине да концептуалдык изилдөө мүнөздүү болгону менен, когнитивдик лингвистиканын изилдөө предмети *когнитивдик концепт* болсо, лингвомаданият таануу илиминин изилдөө предмети *лингвомаданий концепт* болот. Лингвомаданий концепт өз мазмунуна этномаданий маалыматты, улуттук баалуулукту туюндурган түшүнүктөрдү камтыганы менен когнитивдик концепттен айырмаланат. Когнитивдик лингвистика концепттин схема, фрейм, сценарий ж.б. түрүндөгү типтерин табууну көздөйт.

1.2.3. **Концепт жана ага байланыштуу изилдөөлөр.** Тил илиминде «концепт» термини (изилдөөчүлөр: Ю.Д.Апресян, Ю.С.Степанов, В.В.Петров, Е.С.Кубрякова, В.З.Демьянков, А.Д.Шмелев, Н.Д.Арутюнова, М.В.Никитин, И.М.Кобозева, И.А.Стернин, Н.Н.Болдырев, В.И.Карасик, И.К.Архипов, В.В.Воробьев, З.Д.Попова, Г.Г.Слышкин, С.Г.Воркачев, А.В.Костин, А.П.Бабушкин, Д.О.Добровольский, Е.В.Рахилина, Р.М.Фрумкина; чет өлкөлүк изилдөөчүлөр: А.Вежбицка, Р.Джакендофф, Дж.Лакофф, Ч.Филлмор, У.Чейф ж.б.) бүгүнкү күнгө чейин так аныктамага ээ боло элек. Алсак, окумуштуу В.И.Карасик концептке: «Дүйнө канчалык көп кырдуу болсо, концепт да ошончолук көп кырдуу»; «концепт – бул адамдын акыл-эсинде маанилүү маалымат катары баамдалган тажрыйбанын үзүндүсү, эсте сакталган менталдык маалымат»; «адам баласы өз жашоо турмушунда башынан өткөргөн кандайдыр бир маалыматтын фрагменти» [Карасик В.И. Языковой круг: личность, концепты, дискурс. – Волгоград, 2002. – 103-154 с. – 3;39-б.] – деген аныктамаларды берген.

Биздин оюбузча, *концепт – биринчиден, мазмунуна бизди курчап турган дүйнөгө байланыштуу жалпы маалыматты камтыган бирдик болсо, экинчиден, улуттук маданиятта сакталуучу, топтолуучу, муундан-муунга өтүүчү, өздөштүрүлүүчү касиетке ээ болгон менталдык бирдик.* Бул бирдиктер татаал түзүлүшкө ээ болуп, биздин мээбизде сакталат. Ал түзүлүштөр мээде ар кандай элес түрүндө уюшулат. Элестер адамдын мээсинде кээ бир учурда жөнөкөй элес, сүрөт түрүндө болсо, кээ бир учурда бир сүрөт менен чагылдырылышы мүмкүн болбогон, кыймыл-аракеттүү, окуялуу татаал түшүнүк түрүндө уюшулат. Мисалы, *азан чакырып, ат коюу* аземин алып көрсөк, мында мээде: *азанчы, наристе, наристенин жакындары* жана *ат коюуга байланыштуу кыймыл-аракеттик түшүнүктөр, окуянын жүрүшү* ж.б. элестейт.

1.3. **Компоненттик талдоо жана ага байланыштуу эмгектер.** Тил илиминде компоненттик талдоо жүргүзүү ыкмасынын жаралуу тарыхында Э.Сепирдин (1930), Л.Ельмслевдин (1940-1950), У.Вайнрайхтын (1961), Э.Бендикстин эмгектери зор. Компоненттик семантикалык талдоо боюнча жазылган эмгектердин ичинен белгилүү лингвист Ю.Д.Апресяндын, А.Вежбицканын эмгектери өзгөчө мааниге ээ.

Кыргыз тил илиминде Н.Маражапова кандидаттык диссертациясында сөз мазмунун компоненттик анализдин жардамы менен сыпаттап, өтө тереӊ эмес, жалпыланган мүнөздө компоненттик талдоого алган [Маражапова Н. Азыркы кыргыз тилиндеги үй тиричилик лексикасынын түзүлүшү жана семантикасы: филол. ил. канд. дис. ... автореф. – Бишкек, 2003. – 25 б.]. Ж.А.Семенова монографиялык эмгегинде этиштерди лексика-семантикалык талдоого алуунун принциптерин белгилеп, компоненттик талдоо ыкмасынын келип чыгуу тарыхына, этишти компоненттик талдоого алуу ыкмасынын негизги багыттарына токтолгон [Семенова Ж.А. Глаголы движения в современном кыргызском языке (лексико-семантический анализ). – Бишкек, 2011. – 124 с.].

**Лингвомаданият таануу илиминин изилдөө предмети жана методу** деп аталган экинчи бапта балага байланыштуу, лингвомаданият таануу илимине мүнөздүү мифтештирилген маданий тилдик бирдиктер, маданий архетиптер, символдор, маданий стереотиптер, эталондор, фразеологизмдер, концепттин фрейм жана сценарий түрүндөгү түзүлүштөрү, сөзгө сема боюнча талдоо жүргүзүүнүн ыкмалары илимий-теориялык негизде сыпаттоого алынды.

Лингвомаданият таануу илими өз алдынча илимий тармак катары өзүнө таандык милдеттерин аныктап, анын негизинде төмөнкү маселелерди: тил концепттеринин жаралуусунда маданият канчалык деӊгээлде роль ойнорун; «маданий түшүнүк» тилдик белгилердин кайсы маанисинде орун аларын; маданий концепттик чөйрө кандайча жараларын; бул илимге мүнөздүү негизги түшүнүктөрдү кантип системалаштыруу мүмкүн экендигин чечүүсү зарыл.

Тил менен маданият көп аспектиге ээ болгондуктан, алардын табиятын, аткарган функциясын бир методдун жардамы менен таанып-билүү мүмкүн эмес. Ошондуктан изилдөөдө бири-бирин толуктаган көптөгөн методдор колдонулат. В.А.Маслованын пикири боюнча, лингвомаданият таануу илиминде лингвистикалык, социологиялык, маданият таануу, этнографиялык

мейкиндик, маданиятты лингвистикалык жактан реконструкциялоо методдорун колдонууга болот. Айрым материалды этнографиянын, когнитивдик лингвистиканын анализдөө методун колдонуп талдоого туура келет. Маданий маалымат тил бирдиктеринде сөздүн түз маанисине караганда, көмүскө түрдө сакталгандыктан, психосоцио-маданият таануу экспериментин колдонуу да натыйжалуу. Лингвомаданият таануу илиминде тил ээси үчүн баалуу булак болуп саналган материалдар изилдөөгө алынууга тийиш [Маслова В.А. Лингвокультурология. – М., 2001. - 34-б.].

2.1. **Лингвомаданият таануу илимине мүнөздүү балага байланыштуу мифтештирилген маданий-тилдик бирдиктер.** Үрп-адат, каада-салт, ишеним, ырым-жырым ж.б.ларга байланыштуу сөз жана сөз айкаштары *архетипти,* мифтеги маанилүү кырдаал, же мифтен мифке өткөн «башкы каарман» *мифологеманы* (мисалы: *Умай эне* ж.б.) уюштуруп, лингвомаданият таануу илиминде булар мифтештирилген маданий-тилдик бирдиктер дегенди туюндурат. Мифтин өзөгүн *архетип* түзөт. *Архетип* – индивидуалдык аң-сезимде жашоо менен бирге, маданиятка тараган туруктуу образ, түшүнүк, жалпыланган символ.

Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу каада-салт лексикасы өзүнчө бир архетиптик дүйнөнү түзөт. «Адам баласы жашоодо архетиптин туткунунда калганын өзү да сезбейт» [Маслова В.А. Лингвокультурология. – М., 2001. – 38-б.]. Себеби адам, бир жагынан, өзү жашаган коомдун мүчөсү катары ал коомго мүнөздүү каада-салт, ырым-жырымдарды аткарууга мажбур болсо, экинчиден, аны аткаруу менен, өзүн ошол коомдун мүчөсү катары сезет.

2.1.1. **Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу маданий архетиптер.** Каада-салттагы символдуу кыймыл-аракеттер наристе төрөлгөнгө чейин жана наристе төрөлгөнгөндөн кийин жасалчу жөрөлгөлөргө бөлүнөт. Наристе төрөлгөнгө чейинки жасалчу жөрөлгөлөргө *бел куда болуу* архетиптик түшүнүгү жана элдик тыюулар кирет.

Бала төрөлгөнгө чейин элдик тыюуларга өтө чоң маани берилип, ата-эне аны кармоого милдеттүү болгон. Тыюуларга байланыштуу архетиптик түшүнүктөр элдин психологиясын, жашоого, дүйнөгө болгон көз карашын, ишенимин чагылдырат. Төрөлө элек наристенин тагдыры эненин колунда болгондуктан, тыюулардын көпчүлүгү энеге таандык болгон. Мисалы: *боюнда бар аял же анын күйөөсү төөнүн этин жебейт, төөгө окшоп, баласын 12 ай көтөрүп калат* ж.б.

Наристе төрөлгөндөн кийин жасалчу жөрөлгөлөргө байланыштуу архетиптер өз ичинен бир нече топко бөлүнөт: а) наристе жаңы төрөлгөндө жасалчу жөрөлгөлөргө байланыштуу архетиптер (*баланы оозандыруу, жентек берүү* ж.б.); б) наристе басканда жасалчу жөрөлгөгө байланыштуу архетип (*тушоо кесүү)*; в) эркек бала 3-7 жашка чыкканча жасалчу жөрөлгөгө байланыштуу архетип (*сүннөткө олтургузуу);* г) кыз бала чоңоюп калганда жасалчу жөрөлгөлөргө байланыштуу архетиптер (*кулак көзөтүү* ж.б.); д) ар түрдүү ишеним, ырым-жырымдарга байланыштуу архетиптер (*баланы түнгө көрсөтпөө* ж.б.); е) балага карата салттуу түрдө кармалган жөрөлгөлөргө байланыштуу архетиптер (*ата таягын кармоо* ж.б.) кирет.

2.2. **Лингвомаданият таануу илимине мүнөздүү балага байланыштуу символдор.** Символ *(грек.: сюмбалло – «кагыштыруу», «бирге ыргытуу»)* – жогорку абстракттуу маанидеги конкреттүү предмет же каада-салт, ырым-жырым ж.б.га мүнөздүү кыймыл-аракеттер. Мисалы, *нан* – токчулукту, *көгүчкөн* – тынчтыкты, *калпак* – улутту тааныткан символдор. Ал эми: *тушоо кесүү салтында* баланын бутуна байланган *ала жип* жана *ала жипти (тушоону) кыркуу* – баланын келечекке карай жолун ачууну; *азан чакырып, ат коюу* салтында *чакырылган азан* жана *коюлган атты баланын кулагына үч жолу шыбыроо* – наристенин атын Теңирге угузуп, анан балага энчилөөнү туюндурган символдор. Каада-салттык ырым-жырымдагы символдук кыймыл-аракеттер каада-салтты аткарып жаткан субъектинин кандайдыр бир нерсеге, окуяга болгон мамилесин чагылдырат. Каада-салттын негизин ырым-жырым түзөт. Ырым-жырымдагы шарттуу кыймыл-аракеттер жана ал ырымга мүнөздүү нерселер символдук мааниге ээ болуп, алар адамдын аң-сезимин башкаруучу, кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн дүйнө, Теңир менен байланыштыруучу магиялык күчкө, касиетке ээ болот.

2.3. **Балага байланыштуу мурастык түшүнүктөр модели.** Бир эле макал тарбиялоочу, кеңеш берүүчү, сооротуучу, жубатуучу мүнөзгө ээ болушу ыктымал. Калктын тарыхын, маданиятын, турмушун, адебин, жүрүм-турум эрежелерин, улуттук түшүнүгүн чагылдырган макалдар лингвомаданият таануу илиминин изилдөө предмети боло алат. Мисалы, *Атаныкы – ок, эненики – бок* деген макал бала тарбиялоодо колдонулуп, атадан «тил угуу» эненикине караганда, катуу тиерин туюндурат жана бул макалда атанын үй-бүлөдө ээлеген орду бааланып, балага карата атанын мамилеси эненикине караганда катуураак, күчтүүрөөк болуп, жогору турарын билдирүүчү улуттук түшүнүк камтылган. Бул макал тарбиялоочу, кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ.

**Мурастык түшүнүктөр модели** – бул адам баласынын калыптануу процессинде өздөштүрүлүп, кийинки муунга таңууланган түрдө маданият катары мураска калган жүрүм-турум, адеп-ахлак, кылык-жоруктардын моделдери. Кыргыз элинин мурастык түшүнүктөр модели өз ичинен: а) *аң-сезимге туруктуу тилдик модель формасында өткөн мурастык түшүнүктөр модели* (макал, фразеологизм ж.б.); б) *аң-сезимге абстракттуу кыймыл-аракет формасында өткөн мурастык түшүнүктөр модели* (каада-салт, ырым-жырымга мүнөздүү кыймыл-аракеттер ж.б.) болуп экиге бөлүнөт.

2.4. **Элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү** – бул калыпка салынган, улуттук аң-сезимге сиңген, сөздөгү зат, кубулуш, объекттерге мүнөздүү касиет, сапаттардын образдуу мааниси. Табият кубулуштарына, адам жана анын касиет, сапаттарына ж.б. байланыштуу нормативдүү түшүнүктөр калктын калыптанган чен-өлчөм туюму аркылуу өлчөнүп-ченелип, бааланып тилде чагылдырылат. Элдин чен-өлчөм түшүнүгүндө көмүскө түрдөгү буйруу мааниси камтылып, адамдын уккан нерсесин акыл калчап түшүнүүсүнө жол бербеген, буга чейин кандай айтылып келсе, ошондой бойдон кабыл алууну шарттаган касиет бар. Мисалы, белгилик маанидеги: *кой көз, кымча бел,* же балага карата айтылган *алмончоктой* сөз жана сөз айкаштарында кыргыз элинин сулуулукка байланыштуу; *суу куйду, биттин ичегисине кан куюу*

туруктуу сөз айкаштарында мүнөзгө байланыштуу; *балтыр бешик, эне сүтү оозунан кете элек, беш көкүл* белгилик маанидеги сөз жана сөз айкаштарында баланын курагына байланыштуу чен-өлчөм түшүнүктөрү камтылган жана ал түшүнүктөр кылымдар бою өзгөрүүгө учурабай, кийинки муун тарабынан даяр түрдө кабыл алынып келет. Чен-өлчөм түшүнүгүндө дүйнө кубулуштары улуттук типте баамдалып сүрөттөлгөндүктөн, улуттук дүйнө туюм анда кеңири камтылат.


2.5. **Балага байланыштуу фразеологизмдер** – улуттук маданиятты, менталдуулукту чагылдырган баалуу булак. Калктын каада-салт, диний ырым-жырым, адеп-ахлак, жалпы эле жашоого байланыштуу көз карашы фразеологизмге сиңген. Фразеологизмде калктын маданий өнүгүүсүнүн узак процесси камтылуу менен, анда маданий жоболор, стереотип, эталон, архетиптер кеңири орун алат. Мисалы, *ат жалын тартып минүү* – эр жетүү, чоңоюу, бойго жетүү деген маанини туюндурган фразеологизм, ошол эле учурда, куракты чагылдырган эталон болуп саналат. Бул фразеологизмдеги маданий маани – кыргыздын илгертен атка жакын эл болгондугунан кабар берген маани.

2.6. **Концепттин фрейм жана сценарий түрүндөгү түзүлүштөрү.** *Фрейм* – статикалык түшүнүктү (кыймылсыз кырдаалдык элести), *сценарий* – динамикалык түшүнүктү (кыймыл-аракеттүү кырдаалдык элести) иерархиялык мүнөздө элестүү чагылдыруучу түзүлүш.

**Фрейм.** Белгилүү бир концепт фреймдин өзөгүн түзөт. Өзөк фреймди айланта, же биринин артынан бири келүүчү ырааттуулукта кутучалар жайгашат. Өзөк фрейм менен кутучалар маанилик жактан өз ара тыгыз байланышып, бир бүтүндүктү түзөт.

Фрейм – маданий маалымат камтылган кырдаалды, көрүнүштү схемалаштырып берүүгө ыңгайлуу түзүлүш. Тил каражаттары менен туюндурулган байланыштуу фрагмент, кырдаалдар фрейм алкагындагы кутучаларга биринин артынан бири келүүчү ырааттуулукта жайгаштырылат. Мисалы, *сүйүнчү* фрейминин кутучаларын «жакшы кабар», «белек» деген түшүнүктөр түзөт. Себеби *сүйүнчү* деген сырдык сөздү уккан кыргыз адамынын акылында эң биринчи «жакшы кабар» деген түшүнүк пайда болуп, сүйүнчүнү айткан жана уккан адам «белекти» эстейт *(2.1-табл.)*.

**2.1.-таблица**



**Сценарий.** Концептке мүнөздүү статикалык түшүнүктөрдөн фрейм кутучалары жаралса, динамикалык түшүнүктөрдөн сценарий кутучалары жаралат. Өзөк сценарий менен анын кутучалары кайсы бир кырдаалдын жүрүшүн чагылдырат. Алсак, *наристенин төрөлгөнүн сүйүнчүлөө* сценарийинин кутучалары: *«кимдир бирөөгө наристе төрөлгөнүн кабарлоо», «жакшы кабарды уккан адамдын белек берүүсү», «жакшы кабар айткан адамдын белек алуусу»* деген кыймылдуу эпизоддордон турат *(2.1-табл.)*. Кыргыз тилинде *сүйүнчүлөө* кырдаалына мүнөздүү кыймыл-аракеттик элестер атайын сөз жана сөз айкаштары менен аталбайт. Аны кыргыз адамы ичтен аңдап туят. Ар бир кыргыз адамы бала кезинде эле сүйүнчүлөөгө байланыштуу маалыматтар менен кабардар болот. Ошол аң-сезимде жазылып калган маалымат боюнча «сүйүнчүлөө» процесси ишке ашырылат.

Сценарий кутучалары менен фрейм кутучалары окшош көрүнгөнү менен, фрейм алкагында заттык маанидеги түшүнүктү (конкреттүү маанидеги түшүнүк) чагылдырган кутучалар, ал эми сценарий алкагында кыймыл-аракеттик элес маанисиндеги түшүнүктү (абстракттуу маанидеги түшүнүк) чагылдырган кутучалар орун алып, алар өз ара бири-бирин толуктап турат. Бул эки алкактагы кыймылсыз элес менен кыймыл-аракеттик элестердин ширешмесинен, т.а., «сүйүнчүлөө» процессинин жыйынтыгынан аң-сезимде *«сүйүнчүлөө салты»* деген түшүнүк пайда болот.

2.7. **Сөзгө сема боюнча талдоо жүргүзүүнүн ыкмалары.** Компоненттик талдоодо сөзгө таандык маани андан ары бөлүүгө мүмкүн болбой турган эң кичине бөлүктөргө ажырайт. Талдоонун жыйынтыгында сөздөрдүн ортосундагы маанилик жакындык менен айырмачылыктар даана көрүнөт. Бул ыкма мааниси өтө жакын сөздөрдүн ортосундагы маанилик өзгөчөлүктү сыпаттоодо кеңири колдонулат. *Кандайдыр бир түшүнүктүн элементардык бирдиги семантикалык компонент (сема) деп аталат.*

И.А.Стерниндин пикири боюнча: «Сема – семантикалык белгиден жана семаны конкреттештирүүчүдөн турат. Семаны конкреттештирүүчү – ошол семанын семантикалык белгисине төп келген маани» [Стернин И.А. Проблемы анализа структуры значения слова. – Воронеж, 1979. – 42-б.] болот. Мисалы: «*кыз – бийкеч – аял – кемпир»* деген сөздөргө «*аялзаты»* деген заттык, адамзаттык, жактык жана сандык грамматикалык маанилерден жынысты туюндуруучу маани – бириктирүүчү компоненттин (БК)*, «жаш өзгөчөлүк»* деген түшүнүк айырмалоочу компоненттин (АК) милдетин аткарат, бирок *«жаш өзгөчөлүк»* деген АКны тактоодо семаны конкреттештирүүчү маанилерге (балалык, жаштык, орто курак, карылык) кайрылууга туура келет.

2.8. Лексикалык маани кош табиятка ээ. Биринчиден, сөз – жашоодогу болмушту атаган белги, экинчиден, – тилдик бирдик. Сөз бир эле учурда тилден сырткаркы нерсени жана кандайдыр бир деңгээлде тилдин башка элементтери менен болгон катышты туюндурат [Шмелев Д.Н. Проблемы семантического анализа лексики. – М., 1973. – 15-16-б.].

Сөз тигил же бул «чындыктын үзүндүсүн» чагылдыруу менен, өзү да турмуш чындыгына байланышып турат. Сөздөр тилге көз карандысыз байланыш аркылуу тематикалык топко бөлүнөт. Н.Д.Шмелевдин пикири

боюнча: «Сөздүн тематикалык тобу тилдик эмес критерийге көз каранды» [аталган эмгеги, 13-б.]. Алсак, баланын курагын туюндурган сөздөр: *наристе, бала, улан, беш көкүл* ж.б.; балага карата эркелетүү, жалыныч маанисинде колдонулган сөздөр: *көлөкөм, берекем, күчүгүм,* ж.б.; балага байланыштуу каада-салттык маанини туюндурган сөздөр ж.б. тилге мүнөздүү болбогон критерийлердин негизинде заттык жана сапаттык жагы боюнча лексикалык-тематикалык топторду уюштурду.

2.8.1. Окумуштуулар сөзгө компоненттик талдоо жүргүзүү жолу менен лексикадагы парадигматикалык мамилени аныктоо ыңгайлуу экендигин белгилешкен [Новиков Н.Л. Семантика русского языка. – М., 1982. – 245-б.]. Компоненттик талдоонун жүрүшүндө сөздөрдүн ортосундагы парадигматикалык мамилеге ылайык лексика мүмкүн болушунча татаал байланышка бириктирилет. Демек, лексикадагы парадигматикалык мамиле менен сөзгө сема боюнча талдоо жүргүзүү маселеси өз ара тыгыз байланыштуу.

Грамматикалык маанилик системадан айырмаланып, лексикалык мааниде лексика-семантикалык парадигманын катары көп жарала бербейт [Шмелев Д.Н. Проблемы семантического анализа лексики. – М., 1973. – 17-21-б.]. Лексикада бир деңгээлдеги тилдик бирдик ошол деңгээлдеги башка бир тилдик бирдик менен салыштырмалуу даражада парадигматикалык катарда каралат. Парадигматикалык катардагы бирдиктердин өзгөчөлүгүн, окшоштугун жана айырмачылыгын окшоштук жана айырмачылык элементтерин бөлүп көрсөтүү жолу менен аныктоого болот.

Иштин 3-бабы **«Балага байланыштуу тил бирдиктеринин семантикасы»** деп аталып, 4 параграфтан турат. Бул бапта балага байланыштуу тил каражаттары компоненттик, лингвомаданий, лексика-семантикалык, сценарий жана фрейм ыкмасы боюнча (каада-салт лексикасы) талдоого алынат.

3.1.1. **Компоненттик талдоо.** Тилдеги сөздөрдүн пайда болушу, же анын варианттарынын келип чыгышы болмушка байланыштуу. Жашоодогу реалдуу нерсени (денотатты) адам кабылдап, түшүнүп, баалап, ага ылайык тыбыштык аталыш берет.

Мисалы, жаңы төрөлгөн баланы сыпаттаган *ымыркай, перзент, наристе, чүрпө, бөбөк* деген сөздөр – «жаңы төрөлгөн наристе» деген түшүнүктүн негизинде бири-бири менен байланышып турат. Бул сөздөрдү байланыштырган «жаңы төрөлгөн» деген түшүнүк – *бириктирүүчү компонент* (БК) болуп саналат. Ошол эле учурда, бул сөздөр туюндурган мааниси жагынан бири-биринен айырмаланат. Сөздөрдү бири-биринен айырмалаган маани *айырмалоочу компонент* (АК) болот. Мисалы *(3.1-табл.)*:

**3.1-таблица**

**бала** →

***ымыркай* сөзүн АК – «жаңы төрөлгөн наристе» – деген түшүнүк;**

***перзент, чүрпө, бөбөк* деген сөздөрдү АК – «туугандык-жакындык маани»;**

***наристе* сөзүн АК – «жаш, кичинекей, жан дүйнөсү таза өспүрүм» – деген түшүнүк.**

***Ымыркай*** – «жаңы төрөлгөн, эң эле кичинекей бала»; Мисалы: *Тиги аял ...ыңаалап ыйлаган ымыркай баланы Түлөбердинин этегине салды* (Жантөшев). ***Перзент*** деген сөздө «жаңы төрөлгөн наристе» деген түшүнүк менен катар ата-эне тарабынан баласына карата колдонулуучу маани бар; Мисалы: *Эркек бекен перзентим, көзүң көрүп чыктыңбы?* («Манас»). *Перзент* сөзү *бала* сөзүнө синоним катары колдонулушу мүмкүн. Мисалы: *Ак талаадан амир күч, Кыз балам эки, эркек үч. Бешөө деди перзентим* («Манас»). *Перзент* деген сөздү *чүрпө, бөбөк* деген сөздөн АК – «ата-эне менен баланын ортосундагы жакындык мамиле». ***Наристе*** *– «жаш бала, балакатка жете элек бала»;* Мисалы: *Бешигинде эрке, куунак наристе* (Аалы). АК – «балакатка жете элек» деген түшүнүк; ПК (өтмө мааниси*) – «жаш, тажрыйбасыз, бойго жете элек»* деген куракты туюндурган маани; Мисалы: *Байкушум эч кандай арамзасы жок, жеткен бир ишенчээк, дагы эле наристе бойдон* (Ч.А.). ***Чүрпө*** – кичинекей баласына, небересине карата айтылчу сөз; Мисалы: *Алтынгүл чүрпөсүнүн ар бир кыймылын эзиле тиктеп отурду* («КМ»). АК – *«ата-эне менен баланын, чоң ата, чоң эне, таята, таене менен неберенин ортосундагы туугандык-жакындык мамиле».* ***Бөбөк*** – «жаш бала; эмчектеги бала»; Мисалы: *Сезим, бөбөгүңдү багышып жатасыңбы?* («КМ»). Бирок бул сөздү жогорку сөздөрдөн айырмалаган маани – улуу агасы же эжеси тарабынан жаңы төрөлгөн наристеге карата колдонулушу. АК – *«бир тууган ортосундагы туугандык-жакындык мамиле».* ***Кызыл эт*** туруктуу сөз айкашы жаңы көз жарган наристеге карата оозеки кепте, көркөм чыгармада кеңири колдонулат. Мисалы: *Апасы колго илинбеген кызыл эт наристени киринткенден чочуп турду* (Шоокум). *Кызыл эт* фразеологизми образдуу айтылып, күчөтмө мааниге ээ ж.б.

3.1.2. Сөз экспрессивдик боёкко ээ болот. Экспрессивдик мааниге ээ болгон сөз аркылуу сүйлөп жаткан адамдын кандайдыр бир нерсеге, маалыматка карата эмоционалдык оң же терс мамилеси туюндурулат. Мисалы, *ак жолтой* сөз айкашы жаңы төрөлгөн наристеге карата *оң мааниде* колдонулат.

3.1.3. **Элдин чен-өлчөм түшүнүгүндө** балага мүнөздүү сапаттар улуттук типте баамдалып, образдуу сүрөттөлөт. Мисалы, *май болпоч* – майга бышкан нанга, *сүткө тойгон күчүктөй* – сүткө тойгон күчүккө салыштырмалуу наристенин сырткы келбетин сыпаттоодо колдонулат ж.б.

3.1.4. **Балага байланыштуу мурастык түшүнүктөр модели.** Окумуштуу В.А.Маслова белгилегендей, айрым тил каражаттары бир эле учурда лингвомаданият таануу илиминин бир нече илимий тармагында изилдөө предмети катары иликтениши мүмкүн. Алсак, фразеологизмдер бир эле учурда чен-өлчөм түшүнүгү катары да, мурастык түшүнүктөр модели катары да талдоого алына берет.

Диссертациялык иште талдоого алынган макалдарда балага байланыштуу оң коннотациялык маани *ай, бакыт, падыша, жылдыз, кундуз, куш, базарга* салыштырмалуу, терс коннотациялык маани *мазар, жаман көргөн айбан, жылан, курт-кумурскаларга* салыштырмалуу берилгендигин байкоого болот. Мисалы: *Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар. Карга баласын аппагым дейт, Кирпи баласын жумшагым дейт* ж.б. Демек, паремиялар кыргыз элинин жашоо

турмушунан бөлүп кароого мүмкүн болбогон, калктын жан-дүйнөсүнө жакын, аң-сезимине таасир берген нерсе, көрүнүш, абал, табият, айбанат, курт-кумурска ж.б.ларга байланыштуу жаралат.

3.2. **Кыргыз тилиндеги баланын курагын туюндурган лексиканы** *наристенин курагын туюндурган лексика* жана *өспүрүм баланын курагын туюндурган лексика* деп эки топко бөлүп кароого болот.

3.2.1. **Наристенин курагын туюндурган тил бирдиктери.** Кыргыз элинде жаш баланын жашын так айтпай, же кемитип, же ашырып айтат. Бул элдин балага көз тийбесин деген, аны жаман көз, жаман сөздөн коруган түшүнүгүнөн улам келип чыккан болуу керек. Баланын төрөлгөндөн тартып, жүгүрүп калганга чейинки курагы кыргыз элинде ар түрдүү татаал сөздөр жана туруктуу сөз айкаштары менен берилет. Мисалы: *көзүн ача элек, мойну токтой элек* ж.б.

3.2.1.1. **Компоненттик талдоо.** Жаш баланын курагын туюндурган айрым сөз айкаштары менен фразеологизмдер өтмө мааниде (ПК) колдонулат. М.: ***көзүн ача элек:*** АК – *«көрүүгө жарай элек чүрпө»;* ПК – *«өсүп жетиле элек, эр жете элек, өз алдынча боло элек»* ж.б.

Компоненттик талдоонун жүрүшүндө *жаңыдан торолуп келе жаткан ымыркайдын курагын туюндурган эркин жана туруктуу* сөз айкаштарын БК – *«наристенин өсүп-жетиле баштоосу»* деген түшүнүк, *тили чыгуу, тили катуу, тили буудай куурую // тили бадырак куурую* фразеологизмдерин БК – *«баланын сөз кошуп сүйлөй баштоосу»* деген түшүнүк болору, ал эми наристенин кыймыл-аракетин, биологиялык жетилүүсүн чагылдырган маанилик өзгөчөлүгүнө карай ошол сөздөрдүн айырмалоочу компоненттери аныкталары билинди.

3.2.1.2. **Лингвомаданий талдоо.** Жаш баланын курагын чагылдырган эркин жана туруктуу сөз айкаштары элдин жашоо-тиричилиги, үрп-адат, каада-салты менен тыгыз байланыштуу. М.: *мойну токтоо* деген түшүнүк ымыркайдын өз мойнун өзү токтотууга жароосу дегенди туюндурат. Кыргыз эли наристенин мойну токтосун деген ниетте баланын мойну токтогончо, бышкан койдун мойнун бузбай, эти тазаланып алынгандан кийин илип койгон. Бул ырымдын келип чыгышы малчылыкка байланыштуу болгон ж.б.

3.2.2.1. **Компоненттик талдоо. Өспүрүм баланын курагы** кыргыз тилинде ар түрдүү тил каражаттары менен туюндурулат жана алардын айрымдары компоненттик талдоого алынат. Мисалы: ***улан // боз улан, боз бала // боз баш:*** БК – *«жалпы эле бой тартып калган улан, жаш адам»* деген түшүнүк; ***улан // боз улан:*** АК – «үйлөнө элек жаш жигит»; ***боз бала // боз баш:*** АК – *«ар нерсенин жөн жайын анча түшүнө элек, бой тартып келе жаткан, жигиттик куракка анча жете элек жаш бала»* ж.б.

3.2.2.2. **Өспүрүм куракка байланыштуу фразеологизмдер** маанилик жактан бир нече топко бөлүнүп, синтаксистик жол аркылуу уюшулат. Мисалы: *эрезеге жетүү* – атооч компоненттүү, анын ичинен биринчи компоненти зат атоочтон, зат атоочтун ичинен абстракттуу зат атоочтон турган, багыттык маанидеги барыш жөндөмөнүн -га мүчөсү уланган фразеологиялык сөз айкашы

болуп эсептелет. *Эрезе* – абстракттуу зат атооч. *Камчы чабар:* зат атооч менен этиштен уюшулган фразеологизм.

3.2.2.2.1. Адамдын акыл-ою аркылуу өспүрүмдүн курагын туюндуруучу фразеологизмдер кыргыз тилинде кеңири учурайт. Мисалы: *Акыл-эс кирүү // эс кирүү* – «чоңоюп, торолуп, аркы-беркини түшүнө баштоо»; Мисалы: *Сен деген эс кирген чоң кызсың, ыйлаба, басыл (Медетов).*

3.2.2.2.2. Өспүрүм баланын курагын туюндурган фразеологизмдердин ичинде адамдын жана жаныбардын дене мүчөсүнүн аталышы: *муун, каруу эт, кабырга сөөк, борбуй, боор, боконо, бел, балтыр, багалчак, толорсук* сыяктуу сөздөрдөн уюшулган туруктуу сөз айкаштары да бар. Бул сөз жана сөз айкаштарынын ичинен *багалчак* деген сөз гана «туяк менен кызыл ашыктын арасы» деген маанини билдирип, түздөн-түз айбанатка карата колдонулат. Адамдын дене мүчөсүнүн аталышы менен *катуу, бекүү, толуу, көтөрүү // көтөрүлүү, алуу* өңдүү этиш сөздөрдүн айкашуусу аркылуу куракты туюндурган фразеологизмдер уюшулат. Мисалы: ***муунү бекий элек // мууну катый элек*** *– «кичине, жаш»; Мууну бекий элек жаш балдар муну көтөрө албайт* (Баялинов).

Изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз эли баланын курактык жактан өсүп-жетилүүсүн анын дене мүчөсүнүн өсүп-жетилүүсүнө байланыштуу карагандыгы байкалды.

3.2.2.2.3. Өспүрүм куракты туюндурган айрым фразеологизмдер айбанатка байланыштуу түшүнүктөрдү туюндурган тил каражаттарынын жардамы менен уюшулат. Мисалы: *мурунтугу бош – «токтоло элек, ойноо курак, жаш кез»* ж.б.

3.2.2.2.4. *Кушка мүнөздүү түшүнүк* аркылуу өспүрүмдүн курагын туюндурган фразеологизмдер: ***балапан түгү түшө элек*** – *«турмуштун жаман-жакшысын башынан көп өткөрө элек, такшалган куракка келе элек»* ж.б.

3.2.2.2.5. *Өсүмдүккө мүнөздүү түшүнүк* аркылуу өспүрүмдүн курагын туюндурган фразеологизмдер: ***он гүлүнүн бири ачыла элек // он гүлүнүн тогузу төгүлө элек*** – *«али жаш, жаштык курагы эми гана башталган»* ж.б.

3.2.2.2.6. *Энеге байланыштуу түшүнүк аркылуу өспүрүмдүн курагын туюндурган фразеологизмдер:* ***эне сүтү оозунан кете элек*** – «эч нерсени көрүп биле элек, өтө жаш» ж.б.

3.2.2.2.7. *Бешик* түшүнүгү аркылуу өспүрүмдүн курагын туюндурган фразеологизм: ***бешиктен бели чыга элек*** – *«али чоңоё элек, өсүп жетиле элек, эр азамат боло элек, кичинекей»*; ПК – *«али кичүү»* деген мааниде улуу адамдар арасында өзүнөн кичүү адамга карата колдонулат.

3.2.2.2.8. Балага байланыштуу курактык маанини туюндурган айрым тилдик бирдиктер экспрессивдик боёкко ээ болуу менен, оозеки жана адабий кепте жашы улуу адамдарга карата колдонулушу мүмкүн. Мисалы: *жашабай жатып, бала болуп башына жүн // түк чыкканы* ж.б.

3.2.2.3. **Лингвомаданий талдоо.** Күндөлүк турмушта өспүрүм балага карата *кол арага жароо* деген туруктуу сөз айкашы кеңири колдонулат. Бул сөз айкашы *«тестиер тартып, кол кабыш кылууга жароо»* дегенди билдирет. *Кол*

*арага жарай элек* деген туруктуу сөз айкашы *«али кичине»* деген маанини туюндурат ж.б.

3.2.2.4. **Баланын курагы кыргыз элинин калыптанган чен-өлчөм туюму** аркылуу өлчөнүп-ченелип, тил бирдиктеринде чагылдырылат. Алсак, наристенин жаш курагы, жогоруда айтылгандай, анын чоңоюу мөөнөтүнө байланыштуу кыймыл-аракеттерин сыпаттаган чен-өлчөмгө баш ийсе, өспүрүм баланын жаш курагы адамдын акыл-ою, дене мүчөсүнө ж.б. салыштырмалуу түрдө берилет.

Баланын курагына байланыштуу чен-өлчөм түшүнүктөрү кыргыз элинин улуттук дүйнө таанымын туюндурат. Кыргыз эли айлана-тегерегиндеги өзүнө жакын, көрүп-билген нерселерге салыштыралуу, образдуу түрдө жаш куракты өтмө мааниде чагылдырат. Баланын курагына байланыштуу түшүнүктөрдөн элдин табият, жаратылышка жакын туюм-сезимдерин байкоого болот.

3.2.2.5. **Баланын курагына байланыштуу** макалдарды талдай келип, **мурастык түшүнүктөр моделине** төмөнкүлөрдү киргизүүгө болорун байкадык: 1) *Баланын амандыгын тилөө маанисиндеги мурастык түшүнүк модели: Туулганына эмес, турарына сүйүн;* 2) *Баланын өсүп-жетилүүсүнө байланыштуу мурастык түшүнүк модели: Жетиге чыкканча жерден таяк жейт. Жашыл оңот, жаш чоңоёт;* 3) *Баланын тарбиясына, калыптануусуна байланыштуу мурастык түшүнүктөр модели: Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт. Алма сабагынан ашып түшпөйт. Үйдө эмнени көрсө, учканда ошону алат* ж.б.

Изилдөөнүн жүрүшүндө баланын жаш курагына байланыштуу макалдардын мазмунунда элдин бала тарбиялоого мүнөздүү түшүнүктөрү басымдуу экендиги аныкталды. Паремиялардагы *тарбиялык маани* – элдин кылымдарды карыткан мурастык түшүнүгүнө кирет. Көрсө, элибиз өспүрүмдүн калыптануусунда үй-бүлөнүн ролу чоң экендигин байыркы замандарда эле макал аркылуу туюндуруп койгон экен.

## 3.3. Балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисинде колдонулган тил бирдиктери

3.3.1. **Лингвомаданий талдоо.** Балага карата жалыныч, кичирейтүү-эркелетүү маанисиндеги сөз жана сөз айкаштары калктын балага болгон сезимине, улуттук түшүнүгүнө, психологиялык абалына, дүйнө туюмуна ылайык жаралып, өз мазмунуна нукура кыргыз менталитетине мүнөздүү касиет-сапаттарды камтыйт. Алсак, *эрке* сөзү эркелеп, назданган, оюндагысын кылган, каалаганын кылгысы келген, айрым учурда, обу жок эркелеген жаш балдарга карата айтылат. Мисалы: *Жоргонун тери кургабайт, эркенин жашы кургабайт* (Макал) ж.б.

3.3.1.1. Балага карата жалынып-жалбаруу маанисинде колдонулган *садагаң, садагаң болоюн // садагаң кетейин* сырдык сөздөрү кыргыз элинин *садага чабуу, кайыр-садага берүү* деген диний түшүнүгүнө байланыштуу келип чыккан. Мисалы: – *Садагаң болоюн, мынча эмне кечиктиң? Үшүп да кетиптирсиң...* («АТ»).

*Жанымды // кара жанымды чабайын* ж.б. жалыныч маанисиндеги сырдык сөздөрдүн түпкү мааниси кыргыз элинин *садага чабуу, өпкө чабуу* өңдүү диний ырым-жырымдары менен тыгыз байланыштуу. Бул ырымды аткарууда эчкинин өпкөсү менен бирге кекиртеги, жүрөгү, боору кошо чабылган. Ошол себептен, *өпкөмдү // өпкө-жүрөгүмдү // өпкө-боорумду // колкомду чабайын* өңдүү жалыныч, эркелетүү маанидеги сөз айкаштары пайда болгон. Бул жөрөлгө *кара жанымды чабайын* ж.б.у.с. экспрессивдүү маанидеги сөз айкаштарынын жаралышына себеп болгон. Мисалы: – *Жанымды чабайын! Оозуңдан, колуңдан... Абышка өөп жыттагылап, небересинин бети-башынан чоло жер калтырбады* (Ш.Б.).

3.3.1.2. *Алдыңа кетейин* сырдык сөзү жакшы көрүү, кичирейтүү-эркелетүү, жалынуу маанисинде көбүнчө балдарга карата колдонулат. Мисалы: – *Өх! Садагаң, Сардарым, алдыңа кетейин!* (Тойбаев). Бул жалыныч сөз айкашынын түпкүрүндө *«сенден (баламдан) мурун жарык дүйнөдөн өтөйүн»* деген улуттук түшүнүк жатат. Себеби *«Кудай таала балдарымдын жаманчылыгын көрсөтпөсүн»*, – деп ичинен тилөө – кыргыз элинин психологиясына мүнөздүү көрүнүш.

*Балакетиңди алайын, мээнетиңди алайын* өңдүү кимдир бирөөгө (көбүнчө балага, өзүнөн кичүүлөргө) жалынып-жалбаруу, жакшы көрүү маанисинде колдонулуучу сырдык сөздөрүнүн пайда болушуна *балакет, мээнет* деген сөздөргө таандык түшүнүк себеп болгон. Мында *«Сага келчү балааны, жамандыкты, кыйынчылыкты өзүмө алайын»* деген маани жатат. Мисалы: *Э, балакетиңди алайын аралдыларым! Аталарым суу ичкен арыктын суусун жаңы арыгыңарга салдыңар* (Жантөшев).

Мисалдардан байкалып тургандай, жалыныч, эркелетүү иретинде айтылуучу сырдык сөздөр баланы ар балаадан коргоо, сактоо маанисин өз ичине камтыйт.

Ата-эненин көзүнчө баласын эркелетүүдөн ийменүү маселеси да улуттук түшүнүккө кирет.

3.3.2. **Кыргыз тилиндеги кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисин туюндурган метафоралар.** Метафоранын өзөгүн улуттук маданий түшүнүктөр түзгөндүктөн, ал менталитетти чагылдыруучу өзгөчөлүккө ээ. Метафораны жаратуучулук жөндөмүнө карай элдин улуттук түшүнүгү аныкталып, бир улут менен экинчи бир улуттун ортосундагы маданий жакындык менен айырмачылыктары белгиленет.

Балага карата жалынуу, эркелетүү маанисинде колдонулган метафоралардын жаралуу жолдору ар түрдүү жана аларды төмөнкүдөй топторго бөлүп кароого болот:

3.3.2.1. Кыргыз тилинде эркелетүү, жалыныч маанисиндеги *кулунум, күчүгүм* өңдүү метафоралардын пайда болушу кыргыз элинин мал жандуу турмуш образын чагылдырат. Малдын баласын өзүнүн баласы менен салыштырмалуу карап, малдын баласын атоо жолу менен, элибиз өз баласын эркелеткен. *Кулунум, күчүгүм* ж.б. сөздөрүнүн тилибизде эч өөнү жок эле эркелетүү маанисинде колдонулушунун өзү улуттук түшүнүктүн өзгөчөлүгүн

туюндурат. Себеби бул жалыныч маанисиндеги сөздөрдү башка тилге которсок, түшүнүксүз, күлкүлүү маани жаралат.

3.3.2.2. Асман объектилеринин караңгыны сүрүп, дүйнөгө жарык нурун чачкан касиетине, адамдын акылын багынткан бийиктигине, түбөлүктүүлүгүнө, сулуулугуна баш ийүүдөн, аларды балага, баланы аларга теңөөдөн улам тилибизде *жылдызым, чолпонум, айым, күнүм* деген кичирейтүү-эркелетүү, жалынуу маанисиндеги метафоралар жаралган.

3.3.2.3. Асыл таш дегеле баасын жоготпогон, жашоодо ага жетүүгө болгон муктаждыкты жаратып турган баалуу зат. Ал эми адам үчүн баласы асыл таштан да кымбат. Ушул эки заттын ортосундагы баалуулук *алтыным, күмүшүм* ж.б. өңдүү жалыныч маанисиндеги метафоралардын жаралышына себеп болгон.

3.3.2.4. Жашоодо адамга ыракат тартуулаган нерсенин аталыштары балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисинде колдонулат. Мисалы: *жыргалым, кубанычым, берекем, жыттарым, өбөрүм* ж.б.

Жаңы төрөлгөн наристеге карата эркелетүү маанисинде колдонулган тил каражаттарында адамдын өтө күчтүү эмоциялык сезими камтылгандыктан, алардын жасалуу жолу, басымдын коюлушу, интонациясы кадимки оозеки жана адабий кептеги эркелетүү, жалыныч маанисиндеги тил бирдиктеринен айырмаланып, айтылышында куюлушкан уйкаштык ыргак сакталат. Мисалы: *Жыргалым го, жыргалым!* ж.б. Демек, мында редупликациялык кайталоолор, эмоционалдуу-экспрессивдүү маанини туюндуруучу сөздөр кеңири колдонулат.

3.3.2.5. Ата-эне үчүн баланын өз орду бар. Адам баласы баланы багып өстүрүү менен катар эле, андан кайра жылуу мамилени күтөт. Карыганда баласы өзүн карап, багарына ишенет. Өзү жете албаганга баласы жеткиреринен үмүт этет. Ушуга ылайык, *өбөгүм, жөлөгүм, кубатым, муратым, кулачым, таянарым, багарым, каралдым* өңдүү ж.б. кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисиндеги сөздөр келип чыккан.

3.3.3.1. *«Бала – дененин бөлүкчөсү»* деген түшүнүктөн улам: *кара жаным, көрөр көзүм* ж.б. өңдүү метафоралар жаралган. Диний түшүнүккө айкашуусунан: *кара жанымды чабайын* ж.б. өңдүү эркелетүү, жалыныч сөздөрү пайда болгон.

**Баланын дене мүчөсүн атоо жолу менен,** баланын биологиялык муктаждыгына байланыштуу сөз жана сөз айкаштарын колдонуу жолу менен жаш баланы эркелетүү көрүнүшү көбүнчө энеге мүнөздүү. Мисалы: *Алаң көзүм ий!* О*озунан го!.. Кускагым ий, кускагым; чычкагым го, чычкагым* ж.б. Баланын дене мүчөсүнүн аталышына *го* бөлүкчөсү, *ий* сырдык сөзү кошулуп айтылуу менен жасалган, эркелетүү маанисин туюндурган сырдык сөздөрдө адамдын күчтүү ички эмоциялык сезими камтылат.

3.3.4. **Балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисинде колдонулган синекдохалар.** Баланын кичинекейлигин чүкөгө, сакага салыштыруудан улам: *чүкөдөйүм, сакадайым* деген кичирейтүү-эркелетүү маанисиндеги синекдохалар пайда болгон. Бул сөздөр элдин малчылык менен күн көргөн жашоо образынын таасиринен улам кыргыз лексиконуна кирген.

3.3.5. Кыргыз тилинде **балага карата тилдөө маанисинде колдонулган сөз жана сөз айкаштары** атайын изилдөөнү талап кылган өзүнчө лексикалык чоң топту түзөт. Бул иште эркелетүү маанисин туюндурган стилистикалык боёкко ээ болгон айрым тилдөө маанисиндеги сөз жана сөз айкаштары гана каралат. Мисалы, *жаман арам* сырдык сөзү жаш балага карата эркелетүү иретинде оң мааниде колдонулат. Мисалы: – *Ой, жаман арам десе, жакшы атадан туулган экенсиң* (Медетов).

3.3.6. **Кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисиндеги лексиканын жасалуу жолдору.** Кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисиндеги сөз жана сөз айкаштары: -*тай* мүчөсү адамзаттык энчилүү аттарга жалганып (*Асантай, Үсөнтай*); катыштык сын атоочторду уюштуруучу -*дай* мүчөсүнө I жактын жекелик сан таандык мүчөсү жалганып (*тырмактайым* ж.б.); -*кай* мүчөсүнүн сын атооч сөздөргө жалганышы жана ага I жактын жекелик сан таандык мүчөсүнүн уланышы аркылуу (*кичинекейим* ж.б.) эркелетүү маанисиндеги зат атооч сөздөр уюшулат; -*оочу* атоочтуктун мүчөсү (-*оо,* -*уу* мүчөлүү кыймыл атооч сөздөргө -*чы* курандысы) жана I жактын жекелик сан таандык мүчөсү жалганып (-оо, -уу, + -чы + -ым) эркелетүү мааниси уюшулат (*жыттоочум* ж.б.); -*ар* мүчөлүү атоочтукка I жактын жекелик сан таандык мүчөсү жалганып (*жыттарым, багарым)* кичирейтүү-эркелетүү маанисиндеги субстантивдешкен зат атооч уюшулат ж.б.

3.3.7. Диний ырым-жырымдарга байланыштуу аталыштардын *(садага, курман чалуу* ж.б.), айбанат *(кулун, күчүк* ж.б.), асман телолору *(ай, жылдыз*), асыл таш *(алтын, күмүш*) ж.б. аталыштарынын эркелетүү, жалыныч маанисинде колдонулушунун өзү **элдин улуттук чен-өлчөм түшүнүгүнүн,** баланы ар кыл зат, түшүнүккө салыштырып, теңей билүү жөндөмүнүн өзгөчөлүгүн далилдейт жана ал затка карата элдин мамилесин туюндурат.

3.3.8. **Балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисиндеги мурастык түшүнүктөр модели.** Балага карата эркелетүү, жалыныч маанисиндеги макалдар кыргыз тилинде өтө сейрек учурайт. Мындан кыргыз калкы баланы канчалык жакшы көрүп эркелеткени менен, ашыра эркелетүүнү, эрке кылып тарбиялоону жакшы сапат катары баалабагандыгын баамдоого болот. Кыргыз элинин ушул түшүнүгү төмөнкү макалдарда чагылат: *Жоргонун тери кургабайт, эркенин жашы кургабайт. Энеси болушчаактын кызы ыйлаак, атасы болушчаактын уулу ыйлаак.* Кыргыз тилинде, негизинен, балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисиндеги макалдарга караганда, тарбиялык маанидеги макалдар дээрлик басымдуулук кылат.

## 3.4. Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу каада-салт лексикасы

Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу каада-салт лексикасы үй-бүлө мүчөлөрүнүн, үй-бүлөгө катышы бар урук-тууган, жоро-жолдош, жакын санаалаш адамдардын ортосундагы мамиледен улам келип чыккан. Мындан тышкары, адамдын алы жетпеген жаратылыш кырсыктарынан, оорудан, өлүмдөн ж.б. кооптонуп, кабатырлануусунан, алардан сактануудан, Кудайга, тагдырга баш ийүүдөн улам ар түрдүү ырым-жырымдар пайда болгон. Бара-

бара каада-салт, ырым-жырым лексикасы магиялык күчкө ээ болуу менен, адамдын күнүмдүк жашоо образын башкаруучу деңгээлге жеткен.

Бизди курчап турган дүйнө (болмуш) адамдын маалыматты андап-түшүнүү дүйнөсүндө өзгөчө түзүлүштө кабылданып, тил бирдиктеринде концепттик деңгээлде чагылат. Концепт – адамдын болмушту андап-түшүнүү процессинде пайда болгон түшүнүк. Түшүнүк татаал түзүлүшкө ээ. Алсак, балага байланыштуу каада-салт лексикасында белгилүү бир каада-салттын, ошондой эле каада-салтка мүнөздүү айрым денотаттардын номинативдик аталышы лексика аркылуу туюндурулганы менен, каада-салттын ырааттуу жүрүш элеси адамдын аң-сезиминде гана сакталат. Мисалы, *баланы оозантуу // оозандыруу* жөрөлгөсү. *(3.2-табл):*

**3.2-таблица**

| **Баланы оозантуу // оозандыруу** | |
|---|---|
| Фрейм | Сценарий |
| **жаңы төрөлгөн наристе** | **наристенин оозуна сары май салуу** |
| ↓ | ↓ |
| сары май | балага каалоо-тилек айтуу |
| ↓ | ↓ |
| бата | бата берүү |

Таблицадан байкалып тургандай, *баланы оозандыруу* жөрөлгөсүн аткарууда кыргыздын акыл-эсинде эң алгач: «*жаңы төрөлгөн наристе», «сары май», «бата»* деген заттык түшүнүктөр (кыймылсыз элестер) пайда болот. Фреймдин кутучаларын түзгөн кыймылсыз элестик түшүнүктөр сценарий кутучаларындагы кыймылдуу түшүнүктөрдүн аткарылышы менен, т.а., *наристенин оозуна сары май салуу, балага каалоо-тилек, бата айтуу* процесстеринин жүрүшү менен «жанданып», *«үрп-адат», «каада-салт»* деген түшүнүктү жаратат. Демек, *баланы оозандырууга* мүнөздүү кыймылсыз кырдаалдык элестик түшүнүктөр атоого ээ болгону менен, каада-салттын жүрүшүнө мүнөздүү кыймыл-аракеттүү түшүнүктөр *(«наристенин оозуна сары май салуу», «балага каалоо-тилек айтуу»)* өз алдынча аталышка ээ болбой туруп эле «*баланы оозандыруу»* салтынын кыймылдуу элесин чагылдыруучу мүнөзгө ээ. Каада-салтка байланыштуу кыймыл-аракеттин жүрүш элеси адамдын акыл-эсинде сакталат. **Атоого ээ болгон каада-салттык статикалык түшүнүктөр менен ошол түшүнүктөр катышкан динамикалык жандуу кыймыл-аракеттик элестердин жыйындысын үрп-адат, каада-салт дейбиз.**

Өз ичине экстралингвистикалык кырдаалды камтыган каада-салт лексикасы *тилдик* жана *эс тутумдук* компоненттерден турат. Тилде чагылдырылбастан, адамдын эсинде сакталуучу каада-салттык маалыматтын жыйындысы – эс тутумдук компонентти түзөт. Тилдик компонентке жогорку таблицадагы *баланы оозандыруу, наристе, сары май, бата* өңдүү сөз жана сөз айкаштары кирсе, каада-салттык эс тутумдук компонентке *наристенин оозуна сары май салуу* белгиси, *наристеге карата жакшы каалоо-тилек айтып, бата берүү* түшүнүгү кирет. Каада-салттык эс тутумдук компонент кыймыл-аракеттин коштоосу менен ишке ашат. Каада-салттын жүрүшүнө мүнөздүү

тилдик жана каада-салттык эс тутумдук компоненттер өз ара айкашып, каада-салт түшүнүгүн жаратат. Каада-салттагы атоого ээ болбогон, бирок адамдын эсинде сакталуучу түшүнүктөр адамдын жүрүм-турумун башкаруучу мүнөзгө ээ. Жогорку таблицадан көрүнүп тургандай, тилдик жана эс тутумдук компоненттин бир рамканын ичинде «жашоосунун» өзү концепттин түшүнүктөн да татаал нерсе экендигин далилдеп турат.

3.4.1. **Балага байланыштуу каада-салт лексикасынын сценарий жана фрейм алкактары.** Диссертациялык иштин бул бөлүмүндө каада-салтка таандык тил каражаттары сценарий жана фреймдик түзүлүштүн негизинде сыпатталды. Иштин жүрүшүндө: 1) балага байланыштуу каада-салтка мүнөздүү иерархиялык түзүлүштөгү компоненттер тандалып алынды; 2) каада-салтка байланыштуу өзөк фрейм, өзөк сценарий жана алардын кутучаларын түзүүчү лексикалык бирдиктер аныкталды; 3) фрейм жана сценарий алкактарындагы кутучаларды түзгөн лексикалык бирдиктер реалдуу дүйнө менен тыгыз байланышта каралды; 4) фрейм жана сценарий теориясы лексиканы, өзгөчө кырдаалдык маанини туюндурган атоо маанисиндеги зат атооч менен кыймыл-аракеттик маанидеги этишти сыпаттоого ыңгайлуу экендиги аныкталды.

Менталдык кыймыл-аракеттердин аткарылуу тартибине ылайык, каада-салт, ырым-жырым лексикасы өзгөчө механизмге ээ болгон тил бирдиктеринин жыйындысынан турат. Ар бир каада-салтты мүнөздөгөн тил бирдигинин артында көзгө көрүнбөгөн кырдаалдык элес, психологиялык абал жана улуттук түшүнүктү чагылдырган татаал механизм жатат. Каада-салттын кыймылдуу жүрүшүн, аткарылуу тартибин адам акылындагы улуттук түшүнүк, дүйнө таанык башкарып турат.

3.4.2. **Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу элдик тыюу, ишеним архетиптери.** Балага байланыштуу каада-салт лексикасынан тышкары, элдик тыюу, ишеним архетиптерине *жаш баланын өмүрүнөн, ден соолугунан кооптонуудан улам пайда болгон архетиптер* (мисалы, *кыркы чыкканча баланы түнгө көрсөтпөө* – “жаш бала чочуп калат” ж.б.), *тамак-ашка байланыштуу балага карата колдонулган ырым-жырым, тыюу архетиптери* (*кыз балага мүнөзү көк болуп калат деп, көк боор бербейт* ж.б.) кирет.

3.4.3. **Балага байланыштуу каада-салттык мурастык түшүнүктөргө:** *Ата-эненин алдындагы баланын милдетин туюндурган мурастык түшүнүктөр модели (ата таягын кармоо – «ата жолун жолдоо, ата-бабанын жолун улоо»* ж.б.*)* жана *Баланын алдындагы ата-эненин милдетин туюндурган мурастык түшүнүктөр модели (балага тарбия берүү; уул үйлөп, кыз узатуу; эркек баланы сүннөткө отургузуу)* кирет.

Талдоого алынган кыргыз элинин үрп-адат, каада-салт, ырым-жырым, ишеним, тыюу түшүнүктөрүнө байланыштуу тил бирдиктеринин ичинде турмушта колдонулуп аткарылганы да, аткарылбаганы да бар. Бул каада-салттык түшүнүктөрдүн аткарылып-аткарылбоосу индивидуалдык мүнөзгө ээ жана жекече шарт, абалга байланыштуу. Диссертацияда берилген үрп-адат, каада-салттык түшүнүктөрдүн бардыгы үй-бүлөдө аткарылуусу шарт эмес. Ошондой болсо да, коомдун өнүгүшүнө, жашоо-турмуштун өзгөрүшүнө байланыштуу колдонуудан чыгып бара жаткан айрым каада-салт лексикасын

фрейм жана сценарий кутучаларына жайгаштырып, элге таанытуу жолу менен аны кайрадан жандандырууга, унутта калып бараткανын эске салууга, дал өзүндөй сактап, келечек муундарга өткөрүп берүүгө боло тургандыгы далилденди.

## КОРУТУНДУ

Бул диссертациялык иште кыргыз тилиндеги «Бала» концепттин уюштурган лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макалдар өзгөчө бир подсистема катары каралып, лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистика илиминин чегинде изилдөөгө алынды. Иште балага байланыштуу жети жүздөн ашык сөз жана сөз айкаштары, макалдар иликтенип, үрп-адат, каада-салт, ишеним, тыюу ж.б.га мүнөздүү кыймыл-аракеттик түшүнүктөрдү туюндурган атоолор териштирилип, алардын айрымдарына лингвистикалык мүнөздөмө берилди. Изилдөөнүн жүрүшүнө ылайык иликтөөгө алынган бирдиктер 33 таблица аркылуу тастыкталды.

Иште кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексика төмөнкүдөй төрт чоң лексика-семантикалык топко бириктирилди:

1) балага байланыштуу жалпы маанидеги сөз жана сөз айкаштарынын семантикасы;
2) баланын курагын туюндурган тил бирдиктери;
3) балага карата кичирейтүү-эркелетүү, жалыныч маанисинде колдонулган тил бирдиктери;
4) балага байланыштуу каада-салт лексикасы.

Аталган топтор өз ичинен майда тематикалык топчолорго бөлүнүп, алардын ар бири лингвистикалык анализге алынды.

Балага байланыштуу лексика элдин жашоо-тиричилиги, маданияты, ой жүгүртүүсү менен тыгыз байланышта изилденип, кыргыз элинин турмуштук философиясына, улуттук түшүнүгүнө, дүйнө таанымына лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистика илиминин изилдөө аспектисинин чегинде баа берилди.

Балага байланыштуу улуттук маданий түшүнүктөрдүн тилде чагылуусу төмөнкүдөй факторлордун негизинде далилденди:

1. Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу архетиптик түшүнүктөрдү изилдөө аркылуу, кыргыз улутун башка улуттан айырмалоочу негизги маданий өзөк белги – бул элдик ырым-жырым, тыюу, ишеним, үрп-адат, каада-салт түшүнүктөрү экендиги аныкталды. Архетиптик түшүнүктөр менен мифологемалар муундан-муунга өтүп, кылымдар бою кыргыз элинин маданиятынын тең салмактуулугун сактап келген баалуулуктардын катарына кирет.

2. Абстракттуу мааниге ээ болгон символдор, т.а., каада-салт, ырым-жырымга мүнөздүү кыймыл-аракеттер аны аткаруучу субъектинин кандайдыр бир нерсеге, окуяга болгон мамилесин, түшүнүгүн, көз карашын чагылдырат.

3. Элдин чен-өлчөм түшүнүгү аркылуу баланын жашоодогу орду, адамдын балага болгон этнопсихологиялык жакындык сезими, баланын сырткы келбети,

кимдир бирөөгө окшоштугу, кылык-жоруктары ж.б. улуттук типте баамдалып, күнүмдүк жашоодогу көрүнүш, нерсе, кубулуштарга салыштырмалуу түрдө образдуу сүрөттөлүп берилет. Сөздөгү образдуу маани элдин баланы аңдап-туюусундагы, ага карата мамилесиндеги улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырат.

4. Балага байланыштуу мурастык түшүнүктөр модели, б.а., тилде кеңири кездешкен фразеологизм, макалдар жана алардын мазмунундагы маданий түшүнүктөр күндөлүк турмушта бала тарбиялоодо, балага мүнөздүү касиет-сапаттарды сыпаттоодо кеңири колдонулат.

Иште подсистеманын ичиндеги полисемиялык карым-катыштарды аныктоо үчүн лексиканы изилдөөнүн негизги ыкмасынын бири болгон компоненттик анализ колдонулду. Компоненттик талдоонун негизинде мааниси өтө жакын сөздөрдүн ортосундагы маанилик жакындык менен айырмачылыктар аныкталып, балага байланыштуу айрым лексемалардын семантикалык компоненттери такталды.

Бул эмгекте адамдын мээсинин балага байланыштуу каада-салттык түшүнүктөрдү кабыл алуу, аны сыртка чыгаруу (лексикалаштыруу), акылга түйүү, эсте сактоо процесстериндеги терминдештирилген билими каралып, алар когнитивдик лингвистика илиминин изилдөө ыкмасына таянуу менен талдоого алынды. Адам баласы дүйнөнү бүкүлү (ар бир нерсени лексикалаштырып отурбастан) кабыл алып, кабылданган чындыктын айрым бөлүгү гана тилде чагылып, калган олуттуу бөлүгү мээде сакталары илимий-теориялык түзүлүштөрдүн: *сценарий* жана *фрейм кутучаларынын* жардамы менен далилденди.

Тил бирдиктерин сценарий жана фрейм ыкмасы менен талдоонун негизинде *концепттин* маанилик чеги такталып, *“концепт”* түшүнүктөн да татаал нерсени өз ичине камтыры аныкталды. Балага байланыштуу түшүнүктөргө карата буга чейинки изилдөөлөрдөн обочолонгон, өзгөчө, жекече көз караштагы, системалуу концепция сунушталды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө «Бала» концепттин уюштуруучу тил бирдиктеринин сандык жана мазмундук чеги өтө кеңири экендиги жана алар күндөлүк жашоодо балага болгон үй-бүлөлүк, коомдук, социалдык ж.б. мамилеге ылайык пайда болору байкалды. «Бала» түшүнүгү «наристе» жана «өспүрүм» деген семадан туруп, бул семалардын ар бири өз алдынча лексика-семантикалык алкакты жаратуучу касиетке ээ экендиги, балага байланыштуу лексика-семантикалык алкакты уюштуруучу тил бирдиктери өз ара системалуу татаал түзүлүшкө ээ болуп, маанилик жактан бири-бирине тыгыз байланышып турары билинди.

Изилдөөнүн жыйынтыгында, кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамды жана макалдарды, жалпы эле балага байланыштуу түшүнүктөрдү коомдук-маданий-социалдык турмуштан бөлүп кароого мүмкүн болбой тургандыгы, «бала» түшүнүгүнө байланыштуу тилдик бирдиктер адамдын өзүн таанып-билүүсүнө, о.э., кыргыз тил илиминде дүйнө элесинин тилде чагылуу өзгөчөлүгүн аныктоого жардам берери байкалды.

Күнүмдүк жашоо-тиричиликтеги балага байланыштуу түшүнүктөр тилге сиңип, ал элдин «бала» түшүнүгүн чагылдырган улуттук маданий тилдик кенчке айланары тилдик фактылардын негизинде далилденди.

***Диссертация боюнча жарык көргөн эмгектер:***


1. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз элинин үй-бүлөлүк салтка байланышкан лексикасы [Текст] / Э.Т.Төлөкова // Кыргыз-Орус Славян университетинин ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары. – Бишкек, 2004. –292-298-б.
2. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз элинин тууган-туушкандык мамилеге байланыштуу терминологиялык лексикасы [Текст] / Э.Т.Төлөкова, Ш.Х.Насиров // Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коомдук илимдер журналы. – 2004. – № 12. –105-123-б.
3. Төлөкова, Э.Т. Лингвомаданият таануу илими жана анын башка илимдер менен болгон байланышы [Текст] / Э.Т.Төлөкова // К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы. – 2006. – № 2 (6). –157-161-б.
4. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз тилиндеги баланын курагын туюндурган лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макал-ылакаптар [Текст] / Э.Т.Төлөкова // К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы. – 2007. – № 3 (9). –94-96-б.
5. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз тилинин лексикасы жана компоненттик талдоо [Текст] / Э.Т.Төлөкова // К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы. – 2007. – № 3 (9). –106-108-б.
6. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз тилиндеги балага карата жалынуу, эркелетүү маанисин туюндурган лексика [Текст] / Э.Т.Төлөкова // Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. – 2008. – № 4. –132-135-б.
7. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз тилинде компоненттик талдоо жүргүзүүнүн ыкмалары [Текст] / Э.Т.Төлөкова // Эл агартуу. – 2010. – № 11-12. –17-23-б.
8. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу архетиптер [Текст] / Э.Т.Төлөкова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2011. – № 3-2. –126-128-б.
9. Төлөкова, Э.Т. Тил бирдиктерин когнитивдүү лингвистиканын чегинде анализдөө [Текст] / Э.Т.Төлөкова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2011. – № 3-2. –128-131-б.
10. Төлөкова, Э.Т. Кыргыз тилинин балага байланыштуу каада-салт лексикасы [Текст] / Э.Т.Төлөкова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2011. – № 1(2). –54-63-б.
11. Төлөкова, Э.Т. Өспүрүм баланын курагын туюндурган лексика [Текст] / Э.Т.Төлөкова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2011. – № 1(2). –67-71-б.
12. Төлөкова, Э.Т. Этнографиялык лексика [Текст]: окуу китеби / Ч.К.Дыйканова, Л.С.Сулайманова, Э.Т.Төлөкова // Кыргыз тилин үйрөнөбүз. – Бишкек, 1997. –267-278-б.

## РЕЗЮМЕ

**Төлөкова Элмира Турдубаевна**

**Кыргыз тилиндеги «Бала» концепти**
**(лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча)**

**10.02.01 – кыргыз тили, 10.02.19 – тил теориясы адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Негизги сөздөр:** *лингвомаданият таануу, архетип, дүйнө элесинин тилде чагылышы, компоненттик талдоо, мифологема, мурастык түшүнүктөр модели (стереотип), семантикалык компонент (сема), символ, элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү (эталон), сценарий, фрейм, сценарий кутучалары (слот), фрейм кутучалары (слот), когнитивдик түзүлүш.*

**Изилдөөнүн объектиси** катары – кыргыз тилиндеги «Бала» концепттин уюштурган лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макалдар, ал эми изилдөөнүн предмети катары балага байланыштуу тилдик курамдын этностук ой тутумда дүйнө элесинин сүрөтүн, концепттерди, маданий түшүнүктөрдү жаратуу мүмкүнчүлүктөрү анализге алынды.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилиндеги «Бала» концепттин уюштурган лексика-фразеологиялык сөз курамды жана макалдарды лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистика илиминин чегинде изилдөө болду.

Изилдөөдө коюлган максатка жетүү үчүн **негизги метод катары** байкоо жүргүзүү, салыштыруу, анализ жана синтез, схемалаштыруу, лингвистикалык сыпаттоо методдору колдонулуп, балага байланыштуу тил бирдиктерине лингвомаданий талдоо, компоненттик талдоо, когнитивдик лингвистиканын чегинде сценарий жана фрейм ыкмасы менен талдоо иши жүргүзүлдү.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары.** Балага байланыштуу тил бирдиктери кыргыз тил илиминде алгач ирет лексика-семантикалык маанисине карай классификацияланып, төрт чоң топко бириктирилип, лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистика илиминин чегинде сыпаттоого алынды.

Кыргыз тилиндеги балага байланыштуу лексикага компоненттик талдоо жүргүзүлдү; балага байланыштуу лексика-фразеологиялык сөз курамы жана макалдар лингвомаданий талдоого алынды; балага байланыштуу маданий архетип, символ, мурастык түшүнүктөр модели, элдин чен-өлчөм түшүнүктөрү, паремия, фразеологизмдердеги маданий маани аныкталды; балага байланыштуу каада-салт лексикасы сценарий жана фрейм ыкмасы менен талданды.

**Иштин колдонулуу чөйрөсү.** Диссертациялык иш кыргыз тил илиминде лингвомаданият таануу, когнитивдик лингвистика, этнолингвистика, экстралингвистика багытында, анын ичинде стилистика, семантика, лексикология тармактары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө теориялык жана практикалык негиз боло алат. Изилдөө материалдарын лексикология, семантика, стилистика окуу предметтери боюнча сабактарды өтүүдө, атайын курстарды окууда жана практикалык иштерди жүргүзүүдө, окуу китептери менен окуу куралдарын жазууда, сөздүктөрдү түзүүдө кеңири колдонсо болот.

# РЕЗЮМЕ

**Төлөкова Элмира Турдубаевна**

**Концепт «Бала» в кыргызском языке**
**(в аспекте лингвокультурологии)**

**Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык, 10.02.19 – теория языка**

**Ключевые слова:** *лингвокультурология, архетип, языковая картина мира, компонентный анализ, мифологема, стереотип, семантический компонент (сема), символ, эталон, сценарий, фрейм, слот, когнитивная модель.*

**Объектом исследования** является лексико-фразеологический и паремиологический состав кыргызского языка, реперезентирующий концепт «Бала». Предметом исследования лингвокультурологическое и когнитивное исследование языковых единиц, эксплицирующих особенности и формы этнического восприятия наивной картины мира, универсальных концептов и культурных понятий.

**Цель исследования** заключается в лингвокультурном анализе лексико-фразеологического состава и пословиц, раскрывающих концепт “Бала” в терминах когнитивной семантики.

**Итоги исследования** могут быть сведены к систематизации языкового материала, связанного с концептом “Бала” по лексико-семантическому принципу, разделению их на четыре большие группы и их исследованию в лингвокультурологическом и лингвокогнитивном аспектах.

Был проведен компонентный анализ лексики концепта “Бала” в кыргызском языке, лингвокультурологический анализ лексико-фразеологического состава и пословиц, связанных с концептом “Бала”; на собранных языковых фактах раскрыты такие понятия, как культурный архетип, символ, стереотип, эталон; выявлены культурно обусловленные значения фразеологизмов, связанных с концептом “Бала”; выделены когнитивные модели, характерные для традиционной интерпретации лексических единиц, связанных со словом “бала”.

**Область практического применения** видится в использовании данной работы в качестве теоретического и практического материала для научного исследования в области лингвокультурологии, когнитивной лингвистики, этнолингвистики, а также стилистики, семантики, лексикологии кыргызского языкознания, а также в применении материалов при преподавании лексикологии, семантики, стилистики; при проведении специальных курсов; при подготовке учебно-методических пособий, книг и словарей.

## Resume
**Tolokova Elmira Turdubaevna**

# The concept “Bala” in Kyrgyz Language
## (in the lingvo-cultural aspect)

**The dissertation is submitted to confer the scholarly degree of candidate of philological sciences. Specialty 10.02.01 - Kyrgyz language, 10.02.19 - Theory of Language**

**Keywords:** Linguistics, the archetype, language picture of the world, component analysis, mythologem, stereotype, the semantic component (sema), symbols, the standard, the paremii, phraseology, script, frame, slot, the cognitive model.

**The object of the research** is the lexico-phraseological and paremiological structure of kyrgyz language which form the concept “Bala". The subject of research is linguistic and cognitive research of linguistic units that explicate peculiarities and forms of ethnic perception of world picture, universal concepts and cultural concepts.

**The purpose of the research** is lingvo-cultural analysis of lexico-phraseological structure and proverbs revealing the concept "Bala" in terms of cognitive semantics.

**Results of the study** can be reduced to the systematization of linguistic material connected with the concept "Bala" due to the lexico-semantic principle, the division into four major groups and their research in linguistics and cognitive aspects of the language.

Component analysis of lexical concept "Bala" was done in kyrgyz language; lexico-phraseological structure and proverbs relating to the concept “Bala” were analyzed in lingvo-cultural level; linguistic concepts such as cultural archetype, a symbol, the stereotype models, cultural meaning of phraseology connected with the concept "Bala" were revealed; cognitive models and traditional interpretation of lexical items associated with the word "bala" were assigned.

**The sphere of practical usage** this work can be used as the theoretical and practical material for scientific research in the field of linguo-cultural studies, cognitive linguistics, ethno linguistics and stylistics, semantics, kyrgyz lexicology as well as in the for the teaching of lexicology, semantics, stylistics, conducting special courses; in the preparation of teaching manuals, books and dictionaries.

**Төлөкова Элмира Турдубаевна**

**КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ «БАЛА» КОНЦЕПТИ**
(лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча)
аттуу диссертациянын

## АВТОРЕФЕРАТЫ

Печатка 26.01.2012-ж. кол коюлду.
Форматы 60*84. 1/16
Офсеттик кагаз. Кёлёмщ 1,7 б.т. Нускасы 150 даана.

«Аракет-принт» басмаканасы
Бишкек шаары, Тоголок Молдо кёчёсщ, 58